# АКЫНДЫН ӨЛБӨС КЕРБЕЗИ

**ИСМАИЛОВА БАКТЫГҮЛ**
*ОшМУ, доцент*

«Колтугунан кичинекей кызыл өрүк комузду сууруп, тепкесин бектеп коюп, анан бир түркүн чоочугандай, бир түркүн тобокелге баш байлай жың-жың күүлөп, тиги айтылуу комузчу мурда күүлөгөн кылдын ыргагын эстеп, артынан кууп күүлөдү. Каеринен жаңылат? Ныязаалы эки көзүн чылк жумуп, кулак төшөп калды. Туура! Комуз туура күүлөндү. Ныязаалы эки көзүн шарт ачып, эми Токтогулдун колуна кадалып тиктеп калды. Дуу, дуу, күү, күү кетти комуз. Ниязаалы башка эчтеме укпай, көрбөй кадалды. Жаш Токтогул күүнүн бир мукамын калтырбай, бар бурумун терип, өзү да бериле оштонуп, дүңгүр кактыра шатман, чапчаң чертти…

Токтогул эки көзүн чылк жумуп, жини түшкөн бакшыдай буулугуп, комуз менен үн коштоп, төгүп ырдап жиберди. Те алыстан ат арытып, жер көрүп, эл таанып, асыл сөз, асем күү самап, күмүштүн күкүмүндөй бирден терип үйрөнүп жүргөнүн баян кылды.» [1, 112-113-бет]

Айтылуу акын, «тоо булбулу-Токтогул» менен окурмандар Төлөгөн Касымбековдун «Кел-кел» романынын так ушул атактуу комузчу Ниязаалы менен учурашкан жеринен тааныш болушат. Демек, Токтогулду алгач угуп-билбеген окурман үчүн да дароо эле анын тайманбастыгы, таланты жөнүндө адепки маалымат берилгенсийт. Андан ары чыгармада Токтогулдун башынан кечирген тагдыры, чыгармачылыгы, коомдук-саясий абал, кыргыз элинин жашоо-турмушу тууралуу кеңири баяндалган. Бул атактуу акын Токтогул туурасындагы тарыхый-көркөм чыгарма, баян. Көркөм чыгармада акын жөнүндө мындай баяндалса, ал эми акындын акындык тагдыры, чыгармачылыгы жөнүндө илимий изилдөөчүлөр: адабияттаануучулар, тарыхчылар, философтор, усулчулар да өз учурунда, азыр да бир топ илимий макалаларды, эмгектерди жазып келишкен. Биз алардын айрымдарына токтолууну туура көрдүк.

Токтогул XX кылымдагы ак таңдай акындардын залкары. Анын ырчылыгы өзүнүн эскерүүсүнө караганда абдан эрте башталган.

Тынбай сайрап бул Токоң,
Он жашында ырдаган…
«Жаңшаган булбул болот»-деп,
Карыялар сындаган.

Бул маанилүү маалыматты берген «Балалык» деген ыр кылым аралыгын камтып жаткан адам өмүрүн көркөм таржымалдайт. Мында Токтогул Сатылгановдун өзүнүн балалык кезинен тартып өмүрүнүн акырына чейинки баскан турмуш чыйыры негизги өзөктү түзөт.

Бала кезде ырдасам,
Дайранын ташкын суусундай.
Барган сайын төкчү элем,
Башка сөзгө бурулбай.

Эмгекчил элдин мүдөөсүн ачык көздөө, эзүүчү төбөлдөрдүн эркине кескин каршы чыгуу Токтогул Сатылгановдун Октябрь революциясына чейинки чыгармачылыгынын эң негизги тенденциясы эле. Акындын «Замана» казалында коомдогу таптык-социалдык катмарлар ачык көрсөтүлгөн.

Байларга кең, кедейге
Тар кылгансың замана.
Кедейге туюк, байларга
Шар болгонсуң замана.
Байың сүйлөп кедейди
Тумчуктурган замана.

Бул ыр баштан-аяк таасирдүү салыштыруудан, антитезадан турат. Дароо ооздон айтылган ырда поэтикалуу элестердин үстү-үстүнө жаадырылып жатышы акындын устатчылык бийиктигин аныктап турат. [2, 124-125-бет]

Ал эми белгилүү адабиятчы жана сынчы Камбаралы Бобулов өзүнүн «Акындын өлбөс кербези» (макаланын аталышы ушуга негизделди) деп аталган портреттик макаласында атактуу акындын тагдыры жана чыгармачылыгы жөнүндө кеңири изилдөөгө алган. Макалада акындын жеке жана акындык тагдыры жөнүндө бир топ маалыматтар берилет.

Орус адабиятын Пушкин, украиндикин Шевченко, казактыкын Абай, грузиндикин Руставели, латыштыкын Райнис сыяктуу өз адабий чөйрөсүндө таңкы Чолпон жылдызындай жанып чыккан адамдарсыз элестетүү мүмкүн болбогондой эле, кыргыз адабиятын да Токтогулсуз көз алдыга келтирүү кыйын, - деп башталат макала.

Токтогулдун чыгармачыл отунун бар күчү жана кубаты улуу акындын тээ жаштайынан баштап, өлөөр-өлгөнчө ырдап өткөн ырлары менен күүлөрүндө турмушту бурмалабай, так өзүндөй бергендигинде болсо керек, анын эл оозунда айтылып калган санжыралуу өмүрү өзүнүн улуу поэзиясында чыпчыргасы коробой кашкайып көрүнүп турат. Кыргыз акынынын дүрбөлөңдүү турмушу жана бай-манаптарга каршы айыгышкан күрөшү, адам чыдагыс кыйын жагдайларга да моюн бербей, адамзаттын жаркын келечегине чексиз ишенгени эрдик жана ар-намыс идеалдарын ыйык туткан ар бир адамдын жан дүйнөсүн козутуп, суктануу сезимин жаратат. [3, 270-бет ]

Андан ары адабиятчы Токтогулдун китебин эң алгач колуна алган балалык кезин эскерген. Ал Токтогулду өмүрүнүн үч түрдүү курагында үч түрдүү кабыл алып, түйшүктөнгөнүн окурман менен бөлүшөт. Эң алгач жети же сегиз жашында атасы кочкул кызыл тыштуу калың китепти сунуп жатып: «Балам, бу китепти түбөлүк сакта. Бу биздин Токтогулдун ырлары»,-деп Ош шаарынан алып келип бергендигин, Токтогулдун өзү менен таанышкандыгын, анын теңдешсиз үнүн угуп, эң сонун ырларына курсант болгонун айтып берген. Ошондон баштап Токтогулдун ырларын такай окуй баштаганын, атасы менен апасына окуп бере тургандыгын, армандуу балалыктын эң сүйүктүү китеби болуп калгандыгын жана Токтогулдун кайгылуу тагдыры жүрөгүндө терең из калтыргандыгын эскерген. «Токтогулдун поэзиясы адамды өмүр бою коштоп жүрөт да, ар кайсы куракта улам жаңы жактары менен көрүнө баштайт. Мен да жашыма жана көңүл кушума жараша анын чыгармачылыгынан улам жаңы нерселерди табам». [3, 273-бет]

Токтогулду бала кезинде энеси Бурма алпештеп өстүрдү. Ал киши жанда жок сулуу, акылы да тетик жан эле, сөзгө чечен, көптөгөн элдик ырларды, дастандарды жатка айтчу, күндүзү оор жумуштан кийин чарчап-чаалыкканына карабай, сүйүктүү уулуна тээ түн бир оокумга чейин ыр ырдап, тайманбас эр азаматтар, айкөл адамдар жөнүндө жомок айтып берүүчү. Энекесинин шарапаты менен Токтогулдун назик жүрөгү ач көз байларды жек көрүүнү, адилеттик деген асыл сезимди эртелеп туйду. Токтогул тырмактайынан баштап эне сүтү менен гана эмес, бешик ырларын, тууган жеринин элдик ырларын оозанып чоңойду. Токтогул тууган энесинин жаркын элесин зор эргүү менен ырдап, али да эл арасында айтылып жүргөн көптөгөн ырларын бекеринен ага арнаган эместир. Эне деген ыйык сөз Токтогул үчүн тууган эл менен барабар, эне менен эл анын чыгармачылыгында тыгыз айкалышкан. Сибирге сүргүнгө айдаларда эл алдында «Кош, апаке!», «Кош элим!»- деген өзүнүн эң сонун ырларын да бекеринен ырдаган эмес.

Адам чыдагыс азап-тозокту көрүп, далай кыйынчылыктардан кийин, эптеп абактан качып чыгат да, эки жыл бою казактын ай далаасында көрүнгөн конуштан кайыр сурап, акыры тууган жерине жеткенде азыр жамы журтка маалым «Апакем, аман барсыңбы?» жана «Эңсеген элим, аманбы?» деген ырларын сагынган элине ырдап берет;

Сексенде энем сен элең,
Сенделип кеткен мен элем.
Ак сүтүң менен чоңойткон,
Агын дайра кең элең.

Алты аркар жылдыз батканча,
Алты айланып эмизген.
«Анык акын Токтогул»
Кимдин уулу?-дегизген.
Айланып келдим алыстан.
Актоого ак сүт карзыңды.
Алдейлеп мени чоңойткон,
Апакем, аман барсыңбы?

Токтогулдун эне жөнүндөгү ырлары дүйнөлүк поэзиянын эне жөнүндөгү антологиясынан орун алууга татыктуу экендигин баса белгилеп көрсөтөт адабиятчы К.Бобулов.

Ал эми улуу акын Токтогулдун акын-педагог экенине анын бир топ мурастары күбө. Мындан сырткары шакирт күтүп, аны эл алдына татыктуу акын катары таанытуу үчүн да улуу устат бардык мүмкүнчүлүгүн аябастан жол көрсөткөн. Акындын мына бул асыл сапаттарын окумуштуу, адабиятчы К. Артыкбаев өзүнүн ак таңдай төкмө акын Калык Акиевдин чыгармачылык эволюциясына арналган «Устаттыктын улуу бийиктиги» деген макаласында кеңири баяндап өткөн.

Калык Акиевдин акындык өнөрүн жаңы бийиктикке көкөлөтүп алып чыккан окуя Токтогул Сатылганов менен болгон кездешүүсү экен.Бир жыйында Токтогулга малай жүргөн ырчы бала бар экенин айтышат. Ошондо Токтогул дароо эле минтип ырдаган экен:

Көргөзгүлө көзүмө,
Ыраазы болсун сөзүмө.
Чала болсо өнөрү,
Ыр үйрөтөм өзүнө.
Ырчы болчу балабы?
Менден үлгү алабы?
Оюнда болсо акындык
Орундайт түпкү талабы.

Ошол күндөн баштап жаш ырчыны ар дайым өзү менен ээрчитип, далай жерди кыдырып, ырдашып, акындык өнөрдүн далай сырларын ага үйрөтөт. Эң биринчи кезекте ырчылык өнөрдүн ыйыктыгын, ал өнөргө шек келтире тургандай жаман жоруктардан оолак жүрүү керектигин, ырчылык чеберчиликти дайыма өркүндөтүп туруунун зарылчылыгын туюнтат. Экинчиден, ырчылык өнөр жеке бир адамдын эмес, жалпы элдин кастарлай турган маданий кенчи болгондуктан, анын мазмунун, маңызын элдин мүдөөсү менен ой-санаасы, келечек үмүтү менен күрөшү түзө тургандыгын башкы негиз кылып алууну улуу устат шакиртинин эсине бекем куят. үчүнчүдөн, «баш кесмек бар, тил кесмек жок» дегендей, кандай кыйынчылык башка түшсө да, чындыкты гана айтуу ырчынын башындагы негизги парз экендигин, калп сөз убактылуу салтанат курса да түбүнө эл тарабынан жектелип жокко чыгып кала тургандыгын Калыктын жадына биротоло куят.

Оо, балам Калык, тилимди ал,
Акыл айтам, кулак сал:
«Жакырмын деп» зарлаба
Аздыр-көптүр, бирөөнүн,
Дүнүйөсүн алдаба
Ууру, бузук, митайым,
Жалганчыны жандаба.

Саяпкер күлүктү акырындык, чыдамдуулук менен тапка келтиргендей, Токтогул да Калыкты чоң жарышка дароо сала койбой, алды менен ар тараптан жетилтип, анан эми чоң жыйындарга чыгып салабаттуулук менен ырдай алат деп толук ишенгенден кийин гана ага ак батасын берген. [4, 61-бет]

Устаттын шакиртине карата мындай мамилеси кайсыл мезгил болбосун

педагогиканын принциптерине ылайыктуу экендигин жана Токтогулдун улуу педагог экендигин дагы бир жолу айгинелейт.

Ак таңдай акын Токтогул Сатылгановдун насаат ырларындагы өтө күчтүү коюлган адеп-ахлак (нравалык) темалары ооздон-оозго оңой тараган. «Жамандашып, эр жигит, бириңди бириң кемитпе», «Туура сүйлөп, түз жүрсөң кадырың болот калкыңа», «Мурунку жаман ишиңди кийинки жерде таштагын», «Адам болсоң туура жүр, кылт этип кыйшык баспагын», «Жолобо, балдар зыянга, күнүмдүк ишке кубанба» деген нуска ойлору менен жаш өспүрүм балдарды, тестиерлерди чыныгы адам болууга, адептүүлүккө үндөп, ыплас иштерден алыс болууга чакырат. Бул жагынан да алып караганда акындын мурастары балдар адабиятында, жалпы эле педагогикада опол тоодой орду бар чыгармалар.

Окумуштуу, адабиятчы К.Бобуловдун улуу акын жөнүндө жазган дагы бир маалыматы мени кызыктырды.

Токтогул кыргыз тилинин сөздүк фондусуна мурда колдонбогон «кербез» деген ары сыйымдуу, ары уккулуктуу сөздү киргизди.Бул түшүнүккө акын башынан кечирген оор турмушун жана Сибирдеги сүргүнгө түздөн-түз байланышкан кейиштүү тагдырын сыйдырып, өзүнүн арман ырларынын баарын Токтогулдун кербези деп атайт.

Азыркы күндө Токтогулдун «кербездери» искусствонун бардык түрүндө: кинодо, театрда, живописте, ал эми илимде тил илими, адабияттаануу,тарых, философия жана педагогикада өзүнчө изилденген жана изилдөөнү талап кылган темалардан.

Сөзүбүздүн акырын улуу ойчул, даанышман акын -Токтогулдун ысымы түрк руханий дүйнөсүн жана маданиятын байытып турган мурастардын сап башында турушу күмөн туудурбайт деген ишенич менен жыйынтыктоо туура болчудай.

**Адабияттар:**


1. Т.Касымбеков «Кел-кел» Ф., 1990-жыл, 112-113-бет.
2. М.Түлөгабылов «Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы» Б., 1991-жыл, 124-125-бет.
3. К.Бобулов. Тандалган чыгармалардын III томдук жыйнагы.Б.,2011-жыл,270-бет.
4. К.Артыкбаев. Акыйкат сабагы. Б.1991-жыл, 61-бет.